| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ**<br><br>**ТОГУЗ-ТОРО РАЙОНУ**<br>**АТАЙ АЙЫЛ**<br>**АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК**<br>**КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br><br>**ТОГУЗ-ТОРОУСКИЙ РАЙОН**<br>**АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ**<br>**АТАЙСКОГО**<br>**АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

Атай айыл аймагынын айылдык кеңешинин V чакырылышынын кезектеги I сессиясынын

№6 ТОКТОМУ

13.03.2024-жыл Атай айылы

**«Атай муниципалдык ишканасы" мекемесин түзүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 29-декабрындагы №370 "Кыргыз Республикасынын айыл аймактарынын жана шаарларынын деңгээлинде пилоттук режимде административдик-аймактык реформа жүргүзүү жөнүндө" Жарлыгын, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 7-февралындагы №52 "Пилоттук режимде административдик-аймактык реформа жүргүзүү мезгилинде Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун аткаруу органдарынын ишин уюштуруу жөнүндө" Токтомун, Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин 92-беренесин, "Кыргыз Республикасынын Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Мыйзамын жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 31-мартындагы №178 токтому менен бекитилген "Юридикалык жактарды жана филиалдарды (өкүлчүлүктөрдү) мамлекеттик каттоонун тартиби жөнүндө" Жобону жетекчиликке алып Атай айыл аймагынын айылдык Кеңешинин V чакырылышынын кезектеги I сессиясы

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 29-декабрындагы №370 "Кыргыз Республикасынын айыл аймактарынын жана шаарларынын деңгээлинде пилоттук режимде административдик-аймактык реформа жүргүзүү жөнүндө" Жарлыгынын негизинде, "Атай" муниципалдык ишканасы" мекемеси түзүлсүн.

   Юридикалык жактын толук аталышы:

- Мамлекеттик тилде: "Атай" муниципалдык ишканасы.
- Расмий тилде: Муниципальное предприятие " Атай"

   Кыскартылган фирмалык аталышы:

- Мамлекеттик тилде: "Атай" МИ.
- Расмий тилде: МП: " Атай"

2. "Атай муниципалдык" ишканасынын Жобосу бекитилсин.
3. "Атай муниципалдык" ишканасынын юридикалык дареги болуп, Кыргыз Республикасы, Жалал-Абад облусу, Тогуз-Торо району, Арал айылы, Т.Жээналиев №56 болуп аныкталсын.
4. Жалал-Абад областынын юстиция башкармалыгынан каттоодон өткөрүү жагы "Атай" муниципалдык ишканасынын директору М.Ш.Шабданбековко милдеттендирилсин.

5. Токтомдо көрсөтүлгөн маалыматтардын, ошондой эле мамлекеттик каттоо үчүн тапшырылган документтердеги маалыматтардын аныктыгы ырасталат.

Атай айыл аймагынын
айылдык Кеңешинин төрагасы Н.Т.Жээнбаев